УДК 37.017.92 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v2i2.523**

АЗЫРКЫ ШАРТТА “МАНАС” ЭПОСУНУН АДЕП-АХЛАКТЫК БААЛУУЛУКТАРЫ АРКЫЛУУ МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ КУРАКТАГЫ БАЛДАРДЫ ТАРБИЯЛООНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Анвар кызы Гүлназ, Маматкарим кызы Айганыш
Ош мамлекеттик педагогикалык университети

ОСОБЕННОСТИ ВОСПИТАНИЯ ДЕТЕЙ ДОШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА ПОСРЕДСТВОМ МОРАЛЬНЫХ ЦЕННОСТЕЙ ЭПОСА «МАНАС» В СОВРЕМЕННЫХ УСЛОВИЯХ

Анвар кызы Гүлназ, Маматкарим кызы Айганыш
Ошский государственный педагогический университет

FEATURES OF EDUCATING PRE-SCHOOL CHILDREN THROUGH THE MORAL VALUES OF THE EPIC “MANAS” IN THE MODERN CONDITIONS

Anvar kyzy Gulnaz, Mamatkarim kyzy Aiganysh
Osh State Pedagogical University

Аннотация

Бул илимий макалада кыргыз элинин улуу руханий мурасы болгон «Манас» эпосунун адеп-ахлактык баалуулуктары жана алардын мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоодогу ролу талданат. Изилдөөдө эпосто чагылдырылган мекенчилдик, адилеттүүлүк, үй-бүлөлүк баалуулуктар, ынтымак жана боорукердик сыяктуу негизги идеялардын балдардын адеп-ахлактык аң-сезиминин калыптанышына тийгизген таасири каралат. Макалада балдардын моралдык өнүгүүсү жөнөкөй мисалдар жана көркөм образдар аркылуу кантип калыптанары педагогикалык жана психологиялык негизде түшүндүрүлөт. «Манас» эпосунун тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүн билим берүү процессинде колдонуу улуттук идентүүлүктү сактоо жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруу жагынан маанилүү экени белгиленет.

Ачкыч сөздөр: *«Манас» эпосу, адеп-ахлак, баалуулуктар, мектепке чейинки курак, тарбия, мекенчилдик, адилеттүүлүк, үй-бүлө, инсандык өнүгүү, улуттук идентүүлүк.*

Аннотация

В данной научной статье рассматриваются нравственно-этические ценности эпоса «Манас» — великого духовного наследия кыргызского народа — и их роль в воспитании детей дошкольного возраста. Анализируются такие ключевые ценности, как патриотизм, справедливость, семейные ценности, единство и доброта, отражённые в эпосе, а также их влияние на формирование нравственного сознания ребёнка. С педагогической и психологической точек зрения объясняется, как моральное развитие в раннем возрасте формируется через простые примеры и художественные образы. Подчёркивается, что использование воспитательного потенциала эпоса «Манас» в образовательном процессе способствует сохранению национальной идентичности и формированию общечеловеческих ценностей.

Ключевые слова: *эпос «Манас», нравственные ценности, этика, дошкольное воспитание, воспитание, патриотизм, справедливость, семейные ценности, личностное развитие, национальная идентичность*

Abstract

This scientific article analyzes the moral and ethical values of the epic “Manas,” a great spiritual heritage of the Kyrgyz people, and their role in educating preschool children. The study examines key values reflected in the epic, such as patriotism, justice, family values, unity, and

kindness, and their influence on the formation of children's moral consciousness. It explains, from pedagogical and psychological perspectives, how moral development in early childhood is shaped through simple examples and literary images. The article emphasizes that the use of the educational potential of the “Manas” epic in the educational process is important for preserving national identity and developing universal human values.

Keywords: *“Manas” epic, moral values, ethics, preschool education, upbringing, patriotism, justice, family values, personality development, national identity.*

Азыркы коомдун өнүгүү темпи, технологиялык өзгөрүүлөрдүн тездеши жана глобалдашуу процесси адамдын руханий дүйнөсүнө, өзгөчө адеп-ахлактык баалуулуктарына олуттуу таасир тийгизип жатат. Мындай шартта инсанды туура багытта калыптандыруучу ички механизм катары адеп-ахлактык аң-сезимдин ролу өзгөчө мааниге ээ болуп калды. Адеп-ахлактык баалуулуктар коомдун туруктуулугун камсыз кылган негизги факторлордун бири катары каралып, адамдын жүрүм-турумун, чечим кабыл алуусун жана социалдык мамилелерин жөнгө салат. Ошондуктан бүгүнкү күндө адамдын ички руханий дүйнөсүн изилдөө, анын баалуулуктар системасын түшүнүү илимий жана практикалык жактан актуалдуу маселе болуп келет.

Адеп-ахлактык аң-сезим деген түшүнүк философиялык жана этикалык илимдерде адамдын жакшылык менен жамандыкты, адилеттүүлүк менен адилетсиздикти айырмалай билүү жөндөмү катары түшүндүрүлөт. Бул түшүнүк байыркы философиядан тартып бүгүнкү күнгө чейинки көптөгөн ойчулдардын эмгектеринде изилденип келген. Мисалы, Аристотель адамдын адеп-ахлагын “жакшы жашоого жеткирүүчү касиет” катары караса, Кант моралдык мыйзам адамдын ички акыл-эсинде түптөлөт деп белгилеген. Ал эми социологиялык багытта Эмиль Дюркгейм адеп-ахлакты коомдук тартипти сактоочу күч катары түшүндүргөн. Психологияда болсо Лоуренс Кольберг адеп-ахлактык өнүгүүнү этаптар аркылуу калыптануучу процесс катары карап чыккан. Бул көз караштардын баары адеп-ахлактык аң-сезимдин татаал жана көп кырдуу табиятын ачып берет.

Баалуулуктар системасы болсо адам үчүн маанилүү болгон принциптердин, идеалдардын жана ишенимдердин иреттелген түзүлүшү катары түшүндүрүлөт. Бул система адамдын кайсы нерсени артыкчылыктуу деп эсептээрин жана жашоодо кайсы багытты тандаарын аныктайт. Баалуулуктар өз ара иерархиялык тартипте жайгашып, адамдын ички чечим кабыл алуусуна түздөн-түз таасир этет. Ошентип, адеп-ахлактык аң-сезим менен баалуулуктар системасы бири-бири менен тыгыз байланышта болуп, инсандын руханий өзөгүн түзөт [3].

Демек, баалуулуктар иерархиясында берилген баалуулуктар-нормалар, баалуулуктар-баалоолор, баалуулуктар-түшүнүктөр, баалуулуктар - принциптер, баалуулуктар-идеалдар бир катар өзгөчөлүктөргө ээ: биринчиден, алар максатка жетүү үчүн мотивация ролун ойнойт; экинчиден, алар универсалдуу принциптерди камтыйт; үчүнчүдөн, адамдын жүрүм-турумуна, кыймыл-аракетине маани берип, ошол эле учурда аларды жөнгө салат. Адеп-ахлактык баалуулуктарды эске алуу эмоционалдык, когнитивдик жана жүрүм-турум элементтеринин биримдиги катары көрсөтүлүшү мүмкүн болгон баалуулук багыттарынын мазмунун ачууга мүмкүндүк берет. Баалуулук багыттарды калыптандыруу процессинде эң оболу эмоционалдык тажрыйба, адамдын баалуулугуна эмоционалдык баа берүү пайда болот. Бул инсандын реалдуулуктун жаңы кубулушу менен эң биринчи түз жана интуитивдик байланышы, о.э. бул байланышты орнотуу процессинде инсандын көз караштары, муктаждыктары, мотивдери актуалдашат [4].

Баалуулук багыттарынын түзүмүндө жүрүм-турум элементи өзгөчө мааниге ээ. Бул элемент адамдын реалдуу мүмкүнчүлүктөрүнө таянуу менен анын баалуулуктарын иш жүзүндө (практикада) көрсөтүп турат. Мындай процессти инсандын адеп-ахлактык жигердүүлүгүнөн даана көрө алабыз. Биздин көз карашыбызда, дал ушул адеп-ахлактык активдүүлүк коомдук ишмердүүлүктүн башка түрлөрүнө караганда алдыңкы орунда

турушу зарыл. Т.Н. Мальковская белгилегендей, моралдык баалуулуктар коомдогу ар кандай иш-аракеттердин негизги багытын аныктаган өзөк болуп саналат [7].

Бирок адабиятта «адеп-ахлактык ишмердүүлүк» түшүнүгү өтө сейрек кездешет, ал эми терминдин өзү иш жүзүндө колдонулбайт. Бул кубулушту бир нече изилдөөчүлөрдүн бири Н.Д.Зотов, мындай деп жазат: «Адеп-ахлактык ишмердүүлүк коомдон келип чыккан моралдык талаптарды иш жүзүндө ишке ашырууга багытталган аң-сезимдин жана эрктин спецификалык ишмердүүлүгү катары каралышы мүмкүн». Адеп-ахлактык жактан активдүү адамды мүнөздөп, Н.Д. Зотов «бул адам адеп-ахлактык иш-аракеттерди көбүнчө жасаган, башкаларга караганда туруктуу, милдеттин талаптарын аткарган, өзүнүн өмүр жолун жакшылык идеалдары менен сынаган адам» деп белгилейт [4].

Мындай көз караш албетте адилеттүү. Бирок бир нерсени эске алуу керек: ал адам башкалар менен болгон байланышта моралдык нормаларды толук сактаганда гана натыйжа берет. Ошондой эле, адеп-ахлактык ишмердүүлүгү капыстан эле пайда болбостон, узак мөөнөттүү тарбия жана баскычтуу өнүгүү аркылуу калыптанган жетилген инсан тууралуу сөз болуп жатканын белгилей кетүү зарыл.

Демек, мектепке чейинки курактагы балдарда адеп-ахлактык аң-сезимдин калыптанышы адамдын кийинки социалдык жүрүм-турумунун эң алгачкы жана эң маанилүү пайдубалы болуп эсептелет. Бул куракта бала дүйнөнү негизинен сезимдер, тууроо жана чоңдор менен болгон түз байланыш аркылуу тааныйт. Ошондуктан “жакшы” менен “жаманды”, “туура” менен “туура эмес” түшүнүктөрү балада даяр теория катары эмес, күнүмдүк турмуштук кырдаалдар аркылуу акырындап калыптана баштайт. Мисалы, бала оюнчугун бөлүшкөндө мактоо угат же башка баланы капа кылганда эскертүү алат - ушундай жөнөкөй көрүнгөн окуялар баланын ички моралдык тажрыйбасын түзө баштайт.

Ошентип, мектепке чейинки куракта адеп-ахлактык аң-сезимдин дагы бир маанилүү жагы - эрежелерди сырткы талап катары кабыл алуусу калыптанат. Бала үчүн “болбойт” же “болот” деген түшүнүктөр көбүнчө авторитетке, башкача айтканда чоңдордун айткан сөзүнө таянат. Ал эреженин ички маанисин толук түшүнбөшү мүмкүн, бирок аны аткаруу зарылдыгын сезет. Ушул этапта адеп-ахлактык жүрүм-турум көбүнчө сыйлык жана жазалоо системасы аркылуу бекемделет. Бирок бул сырткы көз карандылык кийинчерээк ички түшүнүккө айланып, бала өз алдынча моралдык баа бере баштайт.

Бул педагогикалык жана психологиялык изилдөөлөрдө, мисалы Л.С. Выготскийдин маданий-тарыхый теориясында, баладагы жогорку психикалык функциялар социалдык чөйрө аркылуу калыптанары белгиленет. Бул көз караш адеп-ахлактык аң-сезим да өз алдынча пайда болбой, социалдык өз ара аракеттенүүнүн натыйжасында өнүгөөрүн көрсөтөт. Демек, бала бакчадагы чөйрө, тарбиячынын мамилеси жана оюн ишмердүүлүгү адеп-ахлактык түшүнүктөрдүн калыптанышында негизги факторлордун бири болуп саналат.

Демек, мектепке чейинки курактагы балдарда адеп-ахлактык аң-сезим - бул жөн гана эрежелерди үйрөнүү эмес, дүйнөнү баалоонун биринчи ички системасынын түзүлүшү. Ал сезим, тууроо жана социалдык тажрыйба аркылуу өнүгүп, келечектеги инсандык сапаттардын негизин түзөт. Ошондуктан бул курактагы тарбия процесси жөн гана билим берүү эмес, адамдын ички моралдык дүйнөсүн калыптандыруучу өтө жооптуу процесс болуп эсептелет.

Руханий-адептик жактан тарбиялоонун негизги максаты – адамдын жан дүйнөсүн өз элинин түптүү руханий асыл нарктарына сугаруу, коомдук мамилелердеги ак менен караны туура ажырата билүүгө үйрөтүү, демократиялык коомдун баалуулуктарын жана идеалдарын урматтоого багыттоо болуп саналат. Ошондой эле мындай тарбия аркылуу адам өзүнүн мекен алдындагы жана эл-журт алдындагы атуулдук милдетин абийирдүүлүк менен аткарган, коомдук активдүүлүгү жогору, атуулдук позициясы так калыптанган, көп маданияттуу чөйрөдө ынтымакта жашай билген инсан катары өсүп чыгышы керек. Мында толеранттуулук, көтөрүмдүүлүк, адал эмгекке умтулуу, чынчылдык, ар-намыс, эмгекчилдик жана мекенчилдик сыяктуу сапаттар өзгөчө орунду ээлейт [1].

Ушундай руханий-адептик баалуулуктарды калыптандырууда кыргыз элинин эң улуу руханий мурасы болгон «Манас» эпосу өзгөчө мааниге ээ. Ал көлөмү, мазмуну жана идеялык тереңдиги жагынан дүйнөлүк маданияттагы эң баалуу чыгармалардын бири болуп эсептелет. Эпосто кыргыз элинин байыркы турмушу, жашоо образы, каада-салты, дүйнө таанымы жана эң негизгиси – адеп-ахлактык баалуулуктары кеңири чагылдырылган. Андагы окуялар аркылуу элдин эрдик, мекенчилдик, достук, биримдик, улууларды урматтоо сыяктуу асыл сапаттары даана көрсөтүлөт [2].

Демек, руханий-адептик тарбиянын максаты менен «Манас» эпосунун мазмуну бири-бири менен тыгыз байланышта. Себеби эпосто чагылдырылган баалуулуктар жаш муундарды жогоруда айтылган адеп-ахлактык сапаттарга тарбиялоонун табигый булагы болуп саналат. «Манас» аркылуу элдик идеалдар муундан муунга өтүп, инсандын руханий дүйнөсүн байытып, аны мекенчил, адептүү жана коомго пайдалуу инсан катары калыптандырууга өбөлгө түзөт [3].

Ошондуктан «Манас» эпосу жөн гана көркөм чыгарма эмес, ал жаш муундарды тарбиялоодо чоң мааниге ээ болгон руханий булак болуп саналат. Эпостогу каармандардын жүрүм-туруму жана идеялары аркылуу балдарга жакшы менен жаманды айырмалоо, адилеттүүлүккө умтулуу жана адамдык асыл сапаттарды баалоо үйрөтүлөт.

Мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоодо да эпостогу мекенди сүйүү, жерди урматтоо сыяктуу жөнөкөй түшүнүктөр өтө маанилүү роль ойнойт. «Манас» эпосундагы башкы каармандын өз эли үчүн кам көрүүсү, элдин биримдигин сактоого умтулуусу балдарга жөнөкөй тил менен түшүндүрүлгөндө, аларда “өз элиңди сүйүү”, “жакындарыңды коргоо”, “жакшы болууга умтулуу” сыяктуу алгачкы адеп-ахлактык түшүнүктөр калыптана баштайт. Бул куракта балдар абстракттуу ойлорду толук түшүнө албагандыктан, мисалдар жана окуялар аркылуу берилген тарбия алар үчүн өзгөчө таасирдүү болот.

Мисалы, Манастын өз элин коргоого умтулушу же биримдикти сактоо идеясы баланын түшүнүгүнө ылайык “жакындарыңды таштабоо”, “досторуң менен ынтымакта ойноо” деген жөнөкөй жүрүм-турум үлгүсү катары кабыл алынат. Тарбиячы же ата-эне бул сыяктуу мисалдарды айтып берүү аркылуу балада мекенге болгон сүйүүнүн алгачкы негизин түзө алат. Бул учурда “менин элим”, “менин жерим” деген түшүнүктөр бала үчүн абстракттуу саясий мааниде эмес, өз үй-бүлөсүнө, бакчасына жана айланасындагы адамдарга болгон жылуу мамиле аркылуу калыптанат.

Ошондуктан «Манас» эпосундагы мекенчилдик идеяларын мектепке чейинки курактагы балдарга ылайыктап берүү алардын жүрөгүндө боорукердикти, жакшылык кылууга умтулууну жана айланадагыларга кам көрүү сезимин калыптандырууга жардам берет. Убакыт өтүшү менен дал ушул жөнөкөй түшүнүктөр тереңдеп, балада мекенди сүйүү сезиминин негизги өзөгүнө айланат [6].

Мындан сырткары мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоодо адилеттүүлүк жана чынчылдык сыяктуу сапаттарды калыптандыруу өзгөчө мааниге ээ. Бул куракта бала туура менен туура эмести толук теориялык жактан түшүнбөсө да, күнүмдүк оюндарда жана мамилелерде “адилеттүү болуу” деген түшүнүктү акырындап кабылдай баштайт. «Манас» эпосундагы Манастын калыс мамилеси, эч кимди бөлбөй туура чечим чыгаруусу балдар үчүн жөнөкөй мисал катары түшүндүрүлсө, аларда “баарына тең мамиле кылуу”, “жалан чындыкты айтуу” сыяктуу алгачкы адептик түшүнүктөр пайда болот.

Мисалы, бала бакчада оюн учурунда оюнчук талаш болуп калганда, тарбиячы “Манас болсо баарына адилеттүү бөлүп бермек” деген сыяктуу жөнөкөй түшүндүрмө берсе, бала адилеттүүлүктү туура үлгү аркылуу түшүнө баштайт. Бул куракта бала үчүн эң негизги нерсе – чоңдордун үлгүсү, ошондуктан тарбиячынын калыс мамилеси да чоң таасир берет. Эгер бала адилет бөлүштүрүүнү, чындыкты айтууну жана башкаларга тең мамиле кылууну байкап өссө, бул анын жүрүм-турумунда бекемделе баштайт.

Демек, «Манас» эпосундагы калыстык жана адилеттүүлүк идеяларын мектепке чейинки курактагы балдарга жөнөкөй мисалдар менен жеткирүү алардын чынчыл, адилет

жана башкалардын укугун сыйлаган инсан болуп калыптанышына негиз түзөт. Убакыт өтүшү менен бул жөнөкөй түшүнүктөр тереңдеп, баланын ички адеп-ахлактык баалуулуктарынын маанилүү бөлүгүнө айланат [5].

Ал эми эн маанилүү нарк – үй-бүлөлүк баалуулуктар жана улууларды урматтоо. Эпосто Манастын ата-энесине, Айчүрөккө жана уулу Семетейге болгон камкордугу кыргыз коомунун үйбүлөгө болгон көз карашын чагылдырат. Кыргыз коомундагы «ата-бабаны сыйлоо», «улууну урматтоо» сыяктуу салттар жаштарды үй-бүлөгө жоопкерчиликтүү болууга тарбиялайт. Мисалы, эпостогу Чыйырды эненин уулуна берген батасы кыргыз элинин тарбиялык мурастарынын бири катары жаш муунга чоң таасир этет [5].

Мисалы, бала бакчада же үйдө улууларга орун бошотуу, алардын сөзүн бөлбөй угуу же жардам берүү сыяктуу жөнөкөй аракеттер бала үчүн адеп-ахлактык жүрүм-турумдун алгачкы үлгүсү болуп саналат. Эгер тарбиячы же ата-эне бул аракеттерди “Манас да улууларын урматтаган” деген сыяктуу мисалдар менен байланыштырып түшүндүрсө, балада бул сапаттарга болгон кызыгуу жана түшүнүк дагы да тереңдейт.

Ошондой эле эпостогу энелердин батасы, улуулардын кеңеши сыяктуу көрүнүштөр балада жылуулук, камкордук жана сый-урмат сезимин пайда кылат. Бул куракта бала үчүн эң маанилүүсү — сезим жана үлгү болгондуктан, үй-бүлөдөгү мээримдүү мамиле анын ички дүйнөсүн түздөн-түз калыптандырат. Убакыт өтүшү менен мындай жөнөкөй тажрыйбалар улууларды урматтоо жана үй-бүлөнү баалоо сыяктуу туруктуу адеп-ахлактык баалуулуктарга айланат.

Жогоруда келтирилген мисалдардан көрүнүп тургандай, «Манас» эпосундагы адеп-ахлактык баалуулуктар жаш муундарды ар тараптуу тарбиялоодо өтө маанилүү тарбиялык булак болуп эсептелет. Андагы мекенди сүйүү, адилеттүү болуу, ынтымакта жашоо, үй-бүлөнү сыйлоо жана боорукердик сыяктуу идеялар балдардын жүрүм-турумуна жана дүйнө таанымына оң таасир тийгизет. Мектепке чейинки куракта тартып бул түшүнүктөр жөнөкөй мисалдар аркылуу берилсе, балада жакшы сапаттардын алгачкы негиздери калыптана баштайт.

Ошондуктан «Манас» эпосун билим берүү процессинде колдонуу улуттук баалуулуктарды сактап калууга чоң өбөлгө түзөт. Ал гана эмес, балдарды жалпы адамзаттык адеп-ахлактык нормаларга шайкеш тарбиялоого да жардам берет. Эпостогу идеяларды колдонуу аркылуу улуттук идентүүлүк бекемделип, ошол эле учурда дүйнөлүк маданияттагы жалпы баалуулуктар менен айкалышкан инсанды калыптандырууга шарт түзүлөт.

Жыйынтыктап айтканда, мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоодо «Манас» эпосундагы адеп-ахлактык баалуулуктарды жөнөкөй жана түшүнүктүү формада колдонуу чоң тарбиялык мааниге ээ. Эпосто чагылдырылган мекенди сүйүү, адилеттүү болуу, үй-бүлөнү урматтоо, ынтымакта жашоо жана боорукердик сыяктуу сапаттар балдардын күнүмдүк жүрүм-туруму аркылуу акырындап калыптана баштайт. Бул куракта балага чоң идеяларды эмес, жөнөкөй мисалдарды жана жүрүм-турум үлгүлөрүн берүү натыйжалуу болот.

Ошондуктан «Манас» эпосунан алынган жөнөкөй окуялар жана каармандардын үлгүсү аркылуу балдарда жакшы сапаттарга болгон кызыгуу жана алгачкы түшүнүктөр пайда болот. Бул алардын моралдык өнүгүүсүнө, айлана-чөйрөгө туура мамиле кылуусуна жана келечекте улуттук баалуулуктарды урматтаган инсан болуп калыптанышына өбөлгө түзөт. Убакыт өтүшү менен бул алгачкы түшүнүктөр бекемделип, баланын моралдык жактан жетилүүсүнө жана улуттук баалуулуктарды урматтаган инсан болуп калыптанышына негиз болот.

Колдонулган адабияттардын тизмеси:

1. А. Алимбеков п.и.д., профессор – Кыргыз-Түрк “Манас” Университети РУХАНИЙ-АДЕПТИК ТАРБИЯНЫН УЛУТТУК ИДЕАЛЫ ЖАНА АНЫН ӨЗӨКТҮҮ БААЛУУЛУКТАРЫ https://www.elibrary.ru/item.asp?id=49457288

2. Абдрахманов,К. Манас эпосунун тарбиялык маани си [Текст] / К.Абдрахманов. – Бишкек: Билим, 2010. – Б. 70-85. 3.
3. Абдукаимов,А. Кыргыз элинин руханий баалуулуктары жана тарбия [Текст] / А.Абдукаимов. – Бишкек: Улуу Тоо, 2018. – Б. 41-55.
4. Акматалиев Асанбек Тургунбаевич АДЕП-АХЛАКТЫК АҢ-СЕЗИМДИН БААЛУУЛУКТАР СИСТЕМАСЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ № 11-12, 2022 Эл агартуу 27 УДК: 930.1 (575.2) (04)
5. Жусупов,Т. «Манас» эпосунун баалуулуктары жана азыркы жаштар [Текст] / Т.Жусупов // ОшМУнун жарчысы. – Ош: МУ, 2019. – Б. 45-58.
6. Имаралиева Ж.Р. к.п.н., преп. Кыргызско-Узбекского Межд. универ. им. Б.Сыдыкова, Кыргызская Республика «МАНАС» ЭПОСУНУН АДЕП-АХЛАКТЫК БААЛУУЛУКТАРЫ АРКЫЛУУ ЖАШТАРДЫ ТАРБИЯЛООНУН ЖОЛДОРУ 2025
7. Мальковская, Т. Н. Психолого-педагогические основы формирования социально активной позиции школьников // Формирование активной жизненной позиции школьников. – М., 1979. – С. 7-18.

УДК 37:821.512.154

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК ИДЕЯЛАР ЖАНА АЛАРДЫН ТАРБИЯ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИНДЕГИ МААНИСИ

Арыкбаева Чынаргул Абдыгапаровна
Окутуучу. ОшМПУ

ЭТНОПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ИДЕИ В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ ЧИНГИЗ АЙТМАТОВА И ИХ ЗНАЧЕНИЕ В ОБРАЗОВАТЕЛЬНОМ ПРОЦЕССЕ

Арыкбаева Чынаргул Абдыгапаровна
преп. Ошского государственного университета

ETHNOPEDAGOGICAL IDEAS IN THE WORKS OF CHINGIZ AITMATOV AND THEIR SIGNIFICANCE IN THE EDUCATIONAL PROCESS

Chynargul Abdygapapaровna Arykbaeva
Lecturer at Osh State University

Аннотация

Изилдөөнүн предмети катары Чыңгыз Айтматов чыгармаларындагы этнопедагогикалык идеялар жана алардын тарбия берүү процессине тийгизген таасири каралат. Изилдөөнүн максаты көркөм чыгармаларда чагылдырылган элдик тарбия принциптери менен азыркы билим берүү системасында инсанды калыптандыруунун ортосундагы байланышты талдоо болуп саналат. Изилдөөдө салыштырмалуу-аналитикалык, текстологиялык, педагогикалык талдоо жана системалуу мамиле ыкмалары колдонулду. Алынган жыйынтыктар Айтматов чыгармаларындагы адамгерчилик, ата-энеге урмат, мекенчилдик, эмгекчилдик жана улуттук аң-сезим сыяктуу баалуулуктар жаш муундарды тарбиялоодо маанилүү педагогикалык ресурс экендигин көрсөттү. Ошондой эле бул идеяларды билим берүү процессинде колдонуу окуучулардын руханий-адептик өнүгүүсүнө оң таасир тийгизери аныкталды. Жыйынтыктардын өзгөчөлүгү этнопедагогикалык баалуулуктардын көркөм адабият аркылуу комплекстүү талданышы жана алардын заманбап билим берүү шартындагы ролунун негизделиши болуп саналат. Иштин практикалык мааниси Айтматов